«Макулдашылды» «Бекитилди»

Профсоюз уюмунун төрайымы: Мектеп директору: Отомбаева Б.С.

«______»Молдобаева Э.Ж. 12-сентябрь 2022-жыл

## Химия кабинетинде техникалык коопсуздук эрежелерин сактоо боюнча инструктаж

### 1.Жалпы жоболор:

1.1.Төмөндөгү инструктаж химия кабинетинде иштегендерге милдеттүү:

1.2.Химия кабинетинде иштөөгө 8-класстан жогору медициналык көзөмөлдөн өткөн окуучулар гана кире алышат.

1.3.Лабораториялык,практикалык иштерди жүргүзүүдө төмөнкүдөй зыяндуу,кооптуу факторлор болушу мүмкүн:

-хим.реактивдер менен иштөөдө химиялык күйүктөр

-ысытуучу приборлор менен иштөөдө термикалык күйүктөр

-лабораториялык идиштерди этиятсыз колдонуу менен колдун кесилиши

-уулуу заттардан ууулануу

1.4.Химия кабинетине мугалимдин чакыруусу менен гана жана сырткы кийимди чечүү менен кирүү

1.5.Сабак учурунда химия кабинетине бөтөн адамдар мугалимдин уруксааты менен гана кирүүгө мүмкүн

1.6.Үстөлдөрдүн ортосундагы өтмөктөр портфелдерге топтолбошу керек.

1.7.Ооруп жаткан учурда лабораториядан иштөөгө болбойт.

1.8.Жаракат алган учурда(кесик,күйүк)же өзүн начар сезсе дароо мугалимге билдирүү

1.9.Кабинеттен мугалимдин уруксааты жок тиешеси жок буюмдарды жана хим.заттарды алып чыгууга болбойт.

### 2.Лабораториялык,практикалык жумуш башталаар алдында аткарылуучу талаптар:

2.1.Мугалимдин көрсөтмөсүнө ылайык окуучулар жумуш ордун даярдайт,жабдуулардын бузулбагандыгын текшерет.

2.2.Жабдууларды,сантехниканы,электр тармактарын текшериңиз,кемчиликтер болсо мугалимге билдириңиз,өз алдынча оңдоого аракет кылбаңыз.

2.3.Ысытуучу эритмелерди даярдоодо коргоочу көз айнекти колдонуңуз.

2.4.Жумуш ордуңузду даярдап,ашыкча нерселерди алыңыз.

### 3.Жумуш убагында аткарылуучу талаптар:

3.1.Тартипти сактап,тыкан иштеш керек.Практикалык иш убагында техникалык коопсуздукту сактоо керек.

3.2.Даярдалган приборлорду мугалимге же лаборантка көрсөтүү керек.

3.4.Иш жүргүзүүдө азыраак өлчөмдөгү затты алып жана аны таза приборго салуу керек.

3.5.Төгүлгөн эритме же катуу заттар болсо мугалимге же лаборантка билдирүү керек.

3.6.Дененин бир жерине реактив же кислота тийип кетсе дароо суу менен жуу керек.

3.7.Приборлорду ысытуучу каражаттарды күйүк боюнча калтырбаш керек

3.8.Тажрыйбаны өз алдынча аткарбоо керек жана ар кандай заттарды бири-бири менен аралаштырбаш керек.

## 4.Авариялык кырдаалда коопсуздук эрежелери:

4.1.Сабак убагында өзгөчө кырдаал учурунда (өрт,күчтүү жагымсыз жыт) мугалимдин көрсөтмөлөрүн аткаруу керек

4.2.Эгерде эритмелер төгүлүп же болбосо ар кандай заттар чачылса дароо мугалимге билдирүү жана өз алдынча тазалоо иштерин жүргүзбөгүлө

4.3.Жеңил күйүүчү заттарды ачык калтырбоо,ачык отту дароо өчүрүү жана мугалимге билдирүү

4.4.Лабораториялык идиш сынган учурда колуңар менен албай,шыпыргынын жардамы менен тазалап салыңыз.

4.5.Жаракат алган учур катталса дароо мугалимге билдирүү,мүмкүнчүлүк болсо биринчи жардам көрсөтүү.

4.6.Өрт чыккан учурда кабинеттеги өрт өчүрүүчү каражаттарды колдонуу жана 101 номерине байланышуу,тез жардам номери 103

## 5.Жумуш бүткөндөн кийин аткарылуучу талаптар:

5.1.Спиртовканы өчүрүп,жумуш ордуңарды иретке келтиргиле

5.2.Реактивдерди ачык таштабагыла,жумуш ордуңарды мугалимдин көрсөтмөсү менен тазалагыла.Практикалык иш аяктагандан кийин атайы хим.кабинетте кийилчү халатты чечип,колуңарды самындап жуугула.

**Инструктажды түзгөн:**

Химия мугалими Эркинбек кызы Айгерим

“Макулдашылды”

Профком________Молдобаева Э.Ж.

“Бекитилди”

О.Элебесов атындагы

жалпы орто билим берүү мектебин

директору__________Отомбаева Б.С.

Инструкциялар

Спорт аянтчасында өзун алып жүрүү боюнча

1. Спорт аянтчасында окуучулар спорттук формо менен гана машыгууга тийиш.

2. Дене тарбия сабагында окуучулардын колдорунда саат,шакек жана билерик болбошу зарыл.

3. Спорттук шаймандарда дене тарбия мугалиминин гана уруксааты менен машыкса болот.

4.Спорттук көнүгүүлөрдү жасоодон мурда окуучулар денесин аз-аздан көндүрүү керек.

5.Секирүүдөн мурда секирүү аянтчасын айнек,таш жана башка коркунуч алып келүүчү буюмдардын жоктугун текшериңиз.

6.Спорт аянтчасында жүргөндө мугалимдин уруксааты жок бири-бирин түртүп,чуркап ойноого болбойт.

7.Бут кийим(кроссовкалар,кедылар)ынгайлуу болушу шарт.

8.Эгер чуркоодо өзүңдү жаман сезсең,биринчи жай басканга өт.Андан кийин гана отур.

9.Футбол ойноодо атайы коргоочу каражаттарды кийүу зарыл.

10.Кросс чуркоодо мүдүрүлбөс үчүн же аңга түшүп кетпеш үчүн эстүү болуу керек.

Инструкцияны өткөн дене тарбия мугалими: Сарыкеев Т.А.

«Макулдашылды»

Проф. төрайымы:

______ Молдобаева Э.Ж

2-сентябрь 2022-жыл.

«Бекитилди»

Мектеп директору:

______ Отомбаева Б.С

2-сентябрь 2022-жыл.

**Физика кабинетиндеги техникалык коопсуздук эрежелеринин сакталышы боюнча нускама.**

1. Жалпы жобо:

1.1. Берилген нускаманы сакталышы физика сабагынан берген мугалимдер менен окуучулар үчүн милдеттүү;

1.2. Окуучулардын милдеттери;

- Физикалык приборлорго аяр мамиле кылуу,

- мугалимдин уруксатсыз приборлорду ордунан жылдырбоо;

2.1. Окуунун башталышындагы окуучулардын милдеттери:

- кабинетке мугалимдердин уруксаты менен кирүү, электр жабдууларга, приборлорго сүйкөнбөө;

- олтуруучу орун даярдоо;

- мугалидин уруксатысыз электр жабдууларын күйгүзбөө ( не включать);

- электр точкасына туташтырууда аяр болуу

2.2. Сабактын жүрүшүндөгү окуучулардын милдеттери:

- олтургучка түз олтуруу;

- Техника менен иштөөдө ар бир мүчөлүштөр боюнча мугалимге билдирүү

2.3. Сабактын жүрүшүндө окуучуларга тыюу салынат:

- нымдалган кол жана кийим менен иштөөгө;

- мугалимдин көрсөтмөсүнөн сырткары иш аткарбоо;

- өз алдынча электр жабдууларын колдонбоо;

- өз алдынча техниканы оңдоого

2.4. Сабактын аткарылышындагы окуучунун милдеттери:

- электр жабдууларын ток булагынан ажыратуу;

- иштөө орундарын иретке келтирип, кийимди чечип ,колду самындап мугалимдин уруксатысыз чыгып кетпөө

3. **Авариялык ситуация пайда болгондогу талаптар**:

3.1. Физика кабинетине баардык окуучулар техникалык коопсуздук боюнча атайын инструктаж менен таанышууга милдеттүү.

3.2. Физика кабинетине окуучулар жүрүм турум эрежелерин, эмгек эс алуу нормаларын, сабактардын расписаниелерин туура сактоо тийиш.

3.3. Кабинетте окуучуларга терс жана зыяндуу таасирин тийгизүүчү факторлор болбоосу керек (өткөргүчтөрдүн ачык жерлери ж.б).

3.4. Кабинетте окуучулар жаракат алса, өзүн жаман сезсе алгачкы медициналык жардам көрсөтүү үчүн керектүү болгон медкаметтер менен толукталган медициналык аптечка болууга тийиш

3.5. Кабинетте тазалык окуучунун өздүк гигенасы, класстын санитардык гигеналык нормалары сакталышы зарыл

3.6. Кабинетте өрт коопсуздугунун эрежелери, өрт коопсуздугуна каршы өрт өчүргүч (огнетушитель) болуш керек.

3.7. Иштеп жатканда кандайдыр бир жыт, үн, жаркыроолор байкалса дароо мугалимге билдирилиши керек

3.9. Окуучулар арасында тартип бузуулар болсо коопсуздук эрежелери туура, так аткарылбаса, плансыз кайра инструктаж өтүүлүсү зарыл

**Физика кабинетинде техникалык коопсуздук эрежелери:**

• Физика кабинетине ным кийим менен иштөөгө тыюу салынат. Кабинетке учтуу нерсе алып келбөө керек.

• Физика кабинетинде токту кол менен кармоого болбойт.

• Мугалимдин уруксатысыз физикалык приборлорду кармоого болбойт.

**Физика кабинетинде төмөнкү шарттар берилет:**

• Кызматкерлерди (мугалимдерди) өндүрүштүн же кооптуу факторлору таасир этишин болтурбоого же азайтууга, ошондой эле булганууну коргоого арналган каражаттар менен камсыз болушу.

• Мугалимдин санитардык гигеналык жана техникалык коопсуздукту сактоого ылайык атайын кийимдердин камсыз болуусу.

• Физика кабинетинде суу түтүгү аркылуу муздак жана жылуу суунун болушу.

• Кабинеттерде техникалык коопсуздук ченемдеринин сакталышы боюнча каттоочу журналдарын сакталышы боюнча каттоочу журналдардын болушу.

• Физика кабинетинде аптечкалардын болушу.

**«Макулдашылды»** **«Бекитилди»**

**Профсоюз уюмунун төрайымы** **Мектеп директору:______ Отомбаева Б.С.**

«______» Молдобаева Э.Ж. 12-сентябрь 2022-жыл

Биология кабинетинде техникалык коопсуздук эрежелерин сактоо боюнча инструктаж

1.Биология кабинетине медициналык көзөмөлдөн өткөн окуучулар гана кире алышат.

2.Кооптуу өндүрүш факторлору:

-териге,көзгө кислоталардын тийип кетиши жана термикалык күйүктөр

-лабораториялык идиштерди этиятсыз колдонууда кесиктер

-уулуу өсүмдүктөр жана тепектер менен ууланууу

3.Өзгөчө кырдаал учурунда өрт өчүрүүчү каражаттарын колдонуу

4.Жаракат алгандар болсо биринчи жардам көрсөтүү жана мугалимге билдирүү

5.Жумуштун аягында колду самындап жуу

Жумуш алдында аткарылуучу талаптар:

1.Жумуштун алдында баарын даярдап алуу(идиш,прибор

2.Биология кабинетинде уулуу өсүмдүктөр жана ийне жалбырактуулар болбошу керек.

3.Биология кабинетине мугалимдин уруксааты жок кирбөө

4.Айнек идиштер приборлор оозу жабык шкафтарда сакталышы керек.

5.Кабинетте биология кабинетинде иштөө боюнча коопсуздук эрежелери илинип туруш керек

6.Лабораториялык идиштерди самындап жуубагыла,колуңардан түшүрүп сындырып алышыңыз мумкүн.

Авариялык кырдаалда коопсуздук талаптары:

1.Өрт чыкчу суюктуктар төгүлүп,өрт чыккан учурда окуучуларды биология кабинетинен эвакуациялоо планы менен чыгып кетүү керек.

2.Идиштер приборлор сынса колуңар менен чогултпай шыпыргы менен тазалап алыңыз.

3.Жаракат алгандарга биринчи жардам көрсөтүү жана мектеп админстрациясына билдирүү

Жумуш аяктагандан кийинки аткарылуучу талаптар:

1.Жумуш ордун иретке келтирүү,прибор,идиштерди ордуна алуу.

2.Колду самындап жуу.

Инструктажды түзгөн:

Биология мугалими Эркинбек кызы Айгерим

«Макулдашылды»:

Профкомдун төрайымы:

_______________

2-сентябрь 2022-ж

«Бекитемин»:

Директор:

_______________

2-сентябрь 2022-ж

**Информатика кабинетинде иштөө үчүн техникалык коопсуздук эрежелери**

1. Мугалимдин уруксатысыз кабинетке кирбөө.
2. Компьютердик кабинетте иштөөдө өтө кылдаттыкты сакта.
3. Электр тармагы менен компьютерди өз алдынча туташтырба.
4. Электр түйүндөрүнө кол тийгизбөө.
5. Жарык кылуучу контраст берүүчү түйүндөргө тийбөө.
6. ЭЭМде иштөөдө ашыкча программаларды жумушчу орундарга койбоо.
7. Мугалимдин көргөзмөсүн так аткарып этият, зээндүү болгула.
8. Суу же ным кол менен иштөөгө өзгөчө тыюу салынат.
9. Компьютерде иштеп жатып жумушчу орунду таштап кетпегиле.
10. Капкагы ачык ЭЭМди иштетүүгө өзгөчө тыюу салынат.
11. ЭЭМдин экранына 55-56см аралыкта түз отуруп иштөө керек.
12. Жумушту аткаруудан мурда, ЭЭМдин иштөө тартиби менен таанышкыла.
13. ЭЭМде иштеп бүткөндөн кийин машинаны өчүрүүнү унутпагыла.
14. Мектептеги жана үйдөгү электр точкаларын этияттык менен пайдалангыла.

**Информатика кабинетинде окуучулар үчүн эмгекти коргоо боюнча эрежелер.**

Информатика кабинети кооптуу кабинеттердин катарына кирет, информатика кабинетинде бул инструкциялардын так аткарылышы зарыл.

**№1 инструкция**

1. Кабинетке мугалимдин уруксаты жок кирүүгө тыюу салынат.
2. Танапис убагында дежур окуучулардан башка окуучулар коридорго чыгыш керек.
3. Кабинетте кир бут кийим менен жана сырткы кийим менен кирүүгө болбойт.
4. Кабинетте чуркоого болбойт! Анткени трамва алуу же оборудованиени бузуу коркунучу бар.
5. Кабинетке мусор таштоого болбойт., муну менен силер өрт коопсуздугун жаратасыңар.
6. Мугалимдин көрсөтмөсүн так жана туура аткарып, тартиптүү болуңуздар.
7. Мугалимдин уруксатысыз жумушту баштабагыла.
8. Электро розеткаларды кармоого, колдонууга тыюу салынат, бул силердин ден-соолугунарга жана өмүрүңөргө кооптуу!

**№2 инструкция**

**КОМПЬЮТЕРДЕ ИШТООНУН ЭРЕЖЕЛЕРИ ТАПШЫРМАНЫ АТКАРУУ АЛДЫНДА.**

Кантип тапшырманы аткаруу жөнүндө мугалимдин айтканын кунт коюп угуу зарыл.

**ЖУМУШ УЧУРУНДА.**

1. Компьютерди мугалимдин уруксаты менен гана иштетиш керек.
2. **ТЫЮУ САЛЫНАТ:**

- изоляциясы жок проводдорго тийүүгө

- корпусу жок компьютерди иштетүүгө
- иштеп турган компьютерге ар кандай кошумча кошулуулар
- кол менен же учтуу нерселер менен мониторго тийүүгө
- компьютерде отурганда тамактанууга
- компьютер өчкөндөн кийин кайра бат иштетүүгө(10-15 секунд күтүү зарыл.

1. Эгерде иштеп турган электр приборлорунда бузулуу байкалса, дароо электр тогун өчүрүү зарыл.
2. Жумуш орунун мугалимдин уруксаты жок калтырууга болбойт.

**ЖУМУШ АЯКТАГАНДАН КИЙИН**

1. Компьютерди мугалим үйрөткөндөй туура өчүрүү зарыл.
2. Жумуш оруну мугалимге тапшырылышы керек.

**№3 инструкция өрт коопсуздугунун эрежелери.**

1. Кабинет ар дайым таза сакталышы керек. Жеңил күйүүчү мусор ар дайым чыгарылып турушу зарыл.
2. Кабинетте жеңил күйүүчү суюктуктар сакталуусуна жол берилбейт.
3. **ТЫЮУ САЛЫНАТ:**

- Коопсуздук эрежелери менен таанышпаган окуучулар компьютерде жумуш аткаруусуна;
- Мугалим жокто окуучулардын компьютерде иштөөсүнө;
- электр приборлорун иштеген абалда кароосуз калтырууга;
- электр зымдарын мыктарга илүүгө, изоляциясы жок электр проводдорун колдонууга;
- стенддерди, таблицаларды электр проводдоруна илүү жана электр лампаларын кагаз же бөлөк материалдар менен ороого;
- кабинетте жылуулук берүүчү приборлорду колдонууга;
- компьютердик техниканын ондоосун жүргүзүүгө;

1. Жумуш аяктагандан кийин каананы карап чыгуу зарыл, бардык нерселерди текшергенден кийин электр кубаттуулугун өчүрүү.
2. **өрт чыккан учурда:**

- электр кубаттуулугун өчүрүү;
- дароо окуучуларды эвакуациялоо;
- өрт өчүрүүгө чара колдонуу
- өрт тууралуу 101 телефонуна чалуу.

**Өзгөчө кырдаал учурунда окуучулар төмөнкү иш аракеттерди аткаруу зарыл.**

1.Өзгөчө кырдаал жөнүндөгү маалыматты уккандан кийин,токтоолук менен жакын жерде жайгашкан ачык эшикти көздөй багыт алыш керек.

2.Эгер жолунарда тоскоол болгон нерселерди көрсөнөр, аларга алаксыбай,алдыга умтулуп, эшикке чыгууга аракеттен.

3.Эгер имараттын түтүн каптай баштаса, дем алуу оргaндарыңарды (мурунуңарды) сууланган, нымдуу чүпүрөк менен (бет аарчы, шарф) жакап алгыла.

4.Имараттын дубалынан. Айнек тоскоолдордон алыс болуп, адамдар менен чогуу ортодо болгонго аракеттенгиле.

5.Адамдардын тебелендисинде калбаш үчүн « кирпидей» болуп, колуңардын манжаларын бири-бири менен бириктирип,көкүрөктүн деңгээлинде көтөрүп,чыканакты эки жакка тиреп ,

башыңды көкүрөккө такап алдыга эл менен жылып,кенен дем алуу менен алдыга жылуу керек. (Бул машыгууну окуучулар менен бир нече жолу машыктырууну өткөрүш керек).

6. Эгер силер элдин арасында бушайман болуп, жыгылып кетсеңер тоголок болуп бүрүшүп, башты моюнга катып, тизени курсакка бүктөп, башыңарды кол менен кучактап жатуу элдин тебелендисинен жабыркаланбай калууга мүмкүнчүлүк түзөт.

**Өрттүн чыгышын алдын алуу үчүн төмөндөгү эрежелерди сактоо керек.**

1.Электр приборлору өзүңөрдөн улуу адамдар тараптан өчүрүлбөй калса, аны аларга эскертүүңөр зарыл.

2. Эгер электр розеткаларына көп тиричилик буюмдар сайылып күйүү жыттанып калган мезгилде да өзүңөрдөн улуу адамдарга кабарлап коюшуңар керек.

3. Элекрт точкасына бир эле учурда бир нече электр приборлорун сайып колдонуудан, электр тогунда чыңалуу жогорулап, өрттүн чыгышына себеп болушу мүмкүн.

4. Электр өткөрүүчү зымдарда оттун учкуну, жылтылдоолор, жаракалар,түтүндүн жытын, бөлмөдөгү электр жарыгынын үлүңдөп кеткенин байкап калган учурларда өзүңөрдөн улуу адамдарга кабарлоо керек.

**Предметтик каана башчысынын милдеттери:**

- Каананы окуу программаларына ылайык куралдар менен камсыз кылуу.
- Кабинетти санитардык-гигиеналык режимге ылайык кармоо.
- Каананы дайыма жуудуруп, тазалатуу, тазалыкты сактоо.
- Каананы жашылдандыруу.
- Каананы окуу китептери жана усулдук адабияттар менен камсыз кылуу.
- Каананы өз убагында желдетип туруу.
- Каананын өнүгүшүнүн 3 жылдык планын түзүү жана алардын аткарылышын көзөмөлдөө.
- Окуучулардын каананын мебелдерин аяр мамиле жасоосуна жетишүү.
- Предмет боюнча класстан тышкаркы иштерди уюштуруу.
- Каананын техникалык коопсуздугун сактоону окуучуларга айтып түшүндүрүү менен журналга белгилөө.
- Окуучулардын чыгармачылык иштерин чогултуу боюнча иш-аракет жүргүзүү

**2019-2020-окуу жылы үчүн информатика каанасынын инвентарларынын описи.**

| № | **Инвентардын аты** | **Саны** |
|---|---|---|
| 1 | Компьютердик стол, стулдар | 8 |
| 2 | Компьютерлер | 8 |
| 3 | Принтерлер | 4 |
| 4 | Проектор | 2 |
| 5 | Кондиционер | 0 |
| 6 | Экран | 1 |
| 7 | Шкафтар | 2 |
| 8 | Интерактивдүү доска | 1 |

О. Элебесов атындагы жалпы орто билим беруу мектебинин информатика кабинетинин коопсуздук эрежеси менен таанышуу тизмеси

2022-2023-окуу жылы

7-класс

| № | Окуучунун аты жөнү | Мөөнөтү | Колу |
|---|---|---|---|
| 1 | Усупова Диана | 05.09.2022 | [signature] |
| 2 | Женишбекова Айзмина | 05.09.2022 | [signature] |
| 3 | Таалайбекова Асема | 05.09.2022. | [signature] |
| 4 | Эсенова Мунира | 05.09.2022. | [signature] |
| 5 | Акылбеков Нурдин | 05.09.2022. | [signature] |
| 6 | Арчабаев Эрхан | 05.09.2022 | [signature] |
| 7 | Доткеев Санжар | 05.09.2022. | Санжар |
| 8 | Зарылыков Арсен | 05.09.2022. | [signature] |
| 9 | Дурболотов Нурали | 05.09.2022. | [signature] |
| 10 | Тенизбеков Нурел | 05.09.2022 | [signature] |
| 11 | Калиева Асема | 05.09.2022 | [signature] |
| 12 | Капарбекова Хадича | 05.09.2022 | [signature] |
| 13 | Сагынбаева Нозданат | 05.09.2022 | [signature] |
| 14 | Нерезбаева Сайкал | 05.09.2022 | [signature] |
| 15 | Аалиева Айпери. | 05.09.2022. | [signature] |
| 16 | Жумашева Канайым | 05.09.2022 | [signature] |
| 17 | Суйумбекова Нармина | 05.09.2022. | [signature] |
| 18 | Бекжанов. Иман | 05.09.2022 | [signature] |
| 19 | Бейшенбаева Далина | 05.09.2022. | [signature] |
| 20 | Саныбекова Толгонай Э. | 05.09.2022 | [signature] |
| 21 | Орозобекова Айтонай Асkатовна | 05.09.2022 | [signature] |
| 22 | Орозкулов Нурсултан Калнебекович | 05.09.2022 | [signature] |
| 23 | Туйунбеков Байтур Мирланович | 05.09.2022 | [signature] |
| 24 | Кубанычбекова Айназик Эрматовна | 05.09.2022 | [signature] |
| 25 | | | |
| 26 | | | |
| 27 | | | |
| 28 | | | |
| 29 | | | |
| 30 | | | |
| 31 | | | |
| 32 | | | |
| 33 | | | |
| 34 | | | |
| 35 | | | |

Кабинетке жоопту [signature] Турдакунова Г .

Инструкция менен окуучуларды 5-сентябрда тааныштырып
Инструкция менен Турдакунова Г.Ж. тааныштырды

О. Элебесов атындагы жалпы орто билим берүү мектебинин информатика кабинетинин коопсуздук эрежеси менен таанышуу тизмеси

2022-2023-окуу жылы

8-класс

| № | Окуучунун аты жөнү | Мөөнөтү | Колу |
|---|---|---|---|
| 1 | Мурбеков Аяр | 05.09.22 | Аяр |
| 2 | Сандыбаев Чынгыз | 05.09.22. | |
| 3 | Абдыкашев Тариел | 05.09.22 | Тариел |
| 4 | Сындыбаев Даниел | 05.09.22. | Д.В. |
| 5 | Алымкулов Умар | 05.09.22 | Умар |
| 6 | Усенаманов Белекбасун | 05.09.22 | |
| 7 | Султанбекова Айпери | 05.09.22 | |
| 8 | Кубанычбекова Алина | 05.09.22 | |
| 9 | Кашкороева Бурулай | 05.09.22 | |
| 10 | Нурсоветова Сезим | 05.09.22 | Сезим. |
| 11 | Кубанычбеков Улан | 05.09.22 | Улан |
| 12 | Зарылдыков Улан | 05.09.22 | Улан |
| 13 | Керезбаева Бурул | 05.09.22 | |
| 14 | Керезбаева Кундуз | 05.09.22 | |
| 15 | Тимуркулова Назик | 05.09.22 | |
| 16 | Мелисова Айназик | 05.09.22. | |
| 17 | Кадыров Наби | 05.09.22 | |
| 18 | Дуйшонбеков Нурсултан | 05.09.22 | Нурсултан |
| 19 | Жумашев Али | 05.09.22 | |
| 20 | Мукашов Давран | 05.09.22 | |
| 21 | Таженов Ак жол | 05.09.22 | |
| 22 | Таалайбекова Айчурок | 05.09.22 | |
| 23 | | | |
| 24 | | | |
| 25 | | | |
| 26 | | | |
| 27 | | | |
| 28 | | | |
| 29 | | | |
| 30 | | | |

Кабинетке жоопту: Турдакунова Г .

Инструкция менен окуучуларды 5-сентябрда тааныштырып

Инструкция менен Турдакунова Г.Я. тааныштырды

# Ашпозчулардын коопсуздук эрежелери жана гигиена:

## Униформа

Ар бир ашпозчу ашканада иштеп жатканда,униформа(фартук) кийип алып,анын тазалыгына өзгөчө көңүл бөлүүсү зарыл. Андан сырткары ашканга сырты бекем,ылайыктуу бут кийим талап кылынат. Бычак жана ушул сыяктуу курч ашкана аспаптары жерге түшүп кетүү учурунда бут кийим андай абалдардан буттарды сакташ керек,ошондой эле бут кийим ашкана бөлмөсүнүн төшөлмөсүнөн тайгаланбоосу балап. Эч качан ашканада кепич кийип алып иштөөгө жол берилбейт.

Униформа ак түстө болуусу шарт,анткени ал кирдегенде дароо билинип тургандай болушу талап кылынат.

Чачтардын узундугу ийинден ылдый болгондо,тоскоолдук жаратпоо,ошондой эле гигиеналык жактан коопсуз болуу үчүн тыкан кылып байлап алуу зарыл. Ашканда баш кийим кийип алуу да талап кылынат.

Униформа менен эшикке чыгууга тыюу салынат, зарыл болгон учурда гана фартукту чечип коюп эшикке чыгууга улуксат. Кайтып келгең соң колду самындап жууш керек.

## Коопсуздук

Иш столдун үстүнө же төшөлмөгө бир нерсе төгүп же чачып алганда дароо тазаланат. Өзгөчө төшөлмөгө төгүлгөн нерсе абдан кооптуу. Ысык нерселерди көтөрүп баратканда тайгаланып кетүү коркунучу эки эсе чоң.

## Жумуш ордун таза кармоо

Ашпозчунун жанында өзүнө зарыл гана нерселери болушу эреже, ашык же кереги жок нерселерди дароо ордуна коюу жакшы.Аспаптарды колдонгон соң дароо жуугучка салып жууш керек. Ушундай эле эреже тактайларга,азык-түлүктөргө тиешелүү.

Ысык нерселерди кармоочу сүлгүгө суу колдорду кургатуу тыюу салынат. Сүлгү дайыма кургак болушу керек. Нымдуулук ысыкты бат өткөрүп жибергендиктен, ысык нерсе кармаган учурда колдун күйүп калуу коркунучу жаралат.

Ысык нерсени сүлгү менен кармагычынан кармап столго койгондо, кармагычтагы сүлгүнү ошол жерде калтыруу эрежесин унутпаңыз.

Бычак менен иштеп жатканда колду ары-бери шилтебей, ары-бери басканда бычакты колго кармап,колду шилтебей басуу эреже. Андан сырткары курч аспаптарды столдун четине кобуга болбойт.

Коркунучтуу нерселердин ордун которуштурууда кесиптештерге эскертүү. Курч аспаптардын тобун же ысык нерселерди көтөрүп алып ашканада басууда сөссүз кесиптештерге ал жөнүндө билдирүү. Абайлаңыз ысык нерсе же абайлаңыз оор нерсе деген эскертүүлөр. Бул алып бара жаткан адамдын милдети.

Ашкана ичинде жүрүүдө биринчи башты буруп, эч кимге тоскоолдук жаратпаган соң гана кыймыл-аракет, басууну баштоо. Артты карап басууга болбойт.

## Гигиена

1. Тамак-ашты атайын униформа кийип алып жасоо,фартук,атайын бут кийим,баш кийим,гигиеналык кол каптар
2. Аш даярдап киришүү алдында колду 20 секунддан кем эмес самындап таза жуу. Тырмактар кыска кыркылуусу шарт.
3. Азыктарды жууп тазалоо.арчуу
4. Тамак бышып жатканда ашпозчу тамакты даамдап көрөт,ушуга байланыштуу бир кашык менен бир гана жолу даамдап көрүү жакшы.
5. Зарыл болбогон азык-түлүктөр дайыма муздаткычта туруусу.
6. Мөмө-жемиш,жашылча-жемиш,жер-жемиштерди азыктарды туураган тактайдын үстүнө тазалоого болбойт.
7. Азыктарды тууураган тактайды бат-баттан жууп,вертикалык абалда кургатуу,ашканадагы тактайлардын саны баарына жеткендей болуу керек,кошумча тактайлар таза болуусу шарт
8. Азык-түлүктөрдүн бузулуп кетпешин дайыма байкап туруу. Маркировка,өңү-түсү,жыты аркылуу
9. Бычактарды туура,таза кармоо
10. Муздаткычтын температурасын күн сайын текшерүү
11. Даяр тамакты атайын капкагы бар контейнерге бекитип сактоо, бошоор менен тазалап жуу
12. Даяр азык менен чийки азыктарды өзүнчө сактоо
13. Сактоого алынган азыктарды маркировкалоо эреже
14. Азыктарды төшөлмөгө же жерге коюп сактоого болбойт. Жерден э аз дегенде 20см бийик коюлат
15. Ысык-жылуу нерселерди ошол замат муздаткычка салууга болбойт
16. Жумушчу столдун үстүн колдонгондон кийин таза жууп,антибактериалдык каражат менен дезинфекциялоо
17. Ашкана ичин дайыма таза кармоо талап